**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА ХАН-ТЕНИРИ**

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 8- сессиясы

# Т О К Т О М

**2025-жылдын 24-апрель** **№ 42** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Тенири айыл аймагынын калкын таза суу менен камсыз кылуу боюнча мурдагы пайдаланып жүргөн тарифтерин бекитүү жөнүндө

"Хан-Теңири-тазалык" муниципалдык ишканасынын айыл аймактагы айылдардагы калкты таза суу менен камсыз кылуу үчүн мурдагы пайдаланып жүргөн тарифтерин бекитип берүү жөнүндөгү кайрылуусун карап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 27-беренесине ылайык жана жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап, жергиликтүү кенеши **токтом кылат :**

1. Хан-Тенири айыл аймагындагы айылдарда калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча мурдагы пайдаланып жүргөн тарифтери бекитилип берилсин. (тиркеме тиркелет.)
2. Калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча иш алып баруу "Хан-Тенири-тазалык" муниципалдык ишканага милдеттендирилсин.
3. Токтом ММКга жарыялансын жана басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жер маселелери боюнча туруктуу комиссияга жана токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**